Университет кызматкерлердин жана жумуш ордуларынын коопсуздугу боюнча сактык чараларын көрөт. Бардык кызматкерлер эмгекти коргоонун бардык эрежелерин жана коопсуздук эрежелерин сактоого милдеттүү. Жумуш ордуларынын коопсуздугуна толук жоопкерчилик бөлүмдөрдүн жетекчелерине, ошондой эле дайындалган кызматкерлерге жүктөлөт.

**2.5. Кеңсе жабдуулары**

2.5.1. Кеңсе жабдуулары аткарылуучу жумушка байланыштуу максаттар үчүн гана колдонулушу керек. Университеттин менчигиндеги компьютерлерди, принтерлерди, көчүрмө машиналарды ж.б.у.с. жеке өзүколдонууга тыюу салынат.

3.5.2. Кызматкерлер жабдууларды талаптагыдай жана этияттык менен колдонууга материалдык жана персоналдык жоопкерчиликти алып жүрүшөт. Эгерде кеңсе жабдууларын колдонуу боюнча окутуу талап кылынса, кызматкер жардам үчүн административдик ассистентке кайрылышы керек.

2.5.3. Кеңсе жабдууларын жумуш ордунан тышкары чыгаруу үчүн жетекчинин алдын ала уруксаты менен макулдашылган жана колу коюлган мүлктү которуштуруу боюнча форманы толтуруу керек. Жабдуу бузулбаган абалда кайтарылышы зарыл.

**2.6. Кызмат транспорту**

2.6.1. Кызмат транспорту иш учурунда жана жумуштан тышкары убакта жеке максаттарда колдонулбашы абзел.

2.6.2. Айдоочу күн сайын кызматтык максатта унааны колдонгон кызматкердин фамилиясы жана колу, жол жүрүү сапары, барган жеринин узактыгы, жүрүп өткөн километражы белгиленген жол барактарын жүргүзүшү керек.

**2.7. Университеттин телефондорун колдонуу**

2.7.1. Бардык кызматкерлер телефондорду өз милдеттерин аткаруу үчүн гана пайдаланууга тийиш жана жеке чалууларга колдонбошу керек.

**2.4 Безопасность рабочего место**

Университет принимает меры предосторожности по безопасности рабочего места и сотрудников. Все сотрудники обязаны придерживаться всех правил охраны труда и правил безопасности. Полную ответственность за безопасность рабочих мест несут руководители подразделений, а также назначенные сотрудники.

**2.5 Офисное оборудование**

2.5.1 Офисное оборудование может быть использовано только для целей, связанных с выполняемой работой. Личное использование собственности университета, такие как компьютеры, принтеры, копировальные машины и т.д. запрещается.

2.5.2. Сотрудники несут материальную и персональную ответственность за надлежащее и бережное использование оборудования. Если требуется обучение по использованию офисного оборудования, сотрудник должен обратиться к административному ассистенту за помощью.

2.5.3. Для выноса офисного оборудования за пределы рабочего места необходимо предварительное разрешение и заполнение формы по перемещению собственности, одобренной и подписанной руководителем. Оборудование должно быть возвращено в исправном состоянии.

**2.6. Служебный транспорт**

2.6.1. Служебный транспорт не должен использоваться в личных целях в рабочее и нерабочее время.

3.6.2. Водитель должен ежедневно вести путевые листы, отмечая маршрут следования: продолжительность поездки, пройденный километраж, фамилию и роспись сотрудника, использовавшего машину в служебных целях.

**2.7 Использование телефонов**

2.7.1. Все сотрудники должны использовать телефон только для выполнения своих обязанностей и не пользоваться телефоном для личных звонков.

2.7.2. Шаар аралык жана эл аралык жеке чалууларга тыюу салынат. Өндүрүштүк зарылдык боюнча эл аралык жана шаар аралык телефон чалуулар телефон номерин, чалуунун максатын, чалган кызматкердин атын көрсөтүү менен административдик ассистент тарабынан катталышы абзел. Эл аралык чалууларга укугу бар тараптардын тизмеси ректор тарабынан аныкталат.
2.7.3. Кызматкер эл аралык жана шаар аралык чалууларды жүргүзүүдө максималдуу арзан тарифтерди (мисалы, шаар аралык чалуулар үчүн таңкы (8:00дөн 10:00гө чейин) жана кечки (16:00дөн баштап) убакыт сунушталат, анткени телефон менен сүйлөшүүлөр үчүн таңкы жана кечки тариф күндүзгүдөн 3 эсе арзан) колдонууга милдеттүү.
2.7.4. Кызматтык уюлдук телефондор кызматтык максаттарда гана колдонулууга тийиш, ректордун жазуу түрүндөгү уруксатысыз үчүнчү жактарга берилбеши керек. Ар бир кызматкер уюлдук аппаратты тийиштүү колдонууга жооптуу.

**2.8. Дисциплинардык жазалар**

Университет кызматкерге эмгек келишиминде жүктөлгөн кызматтык милдеттерин аткарбагандыгы же тийиштүү түрдө аткарбаганы үчүн, эмгек тартибин бузгандыгы үчүн КРдин Эмгек кодексине ылайык төмөнкү тартип жазаларын колдонууга укуктуу:
1) Эскертүү
2) Сөгүш берүү
3) Жумуштан бошотуу

Эскертүүлөр эмгек келишимин азыраак бузуулар үчүн берилет. Биринчи сөгүш олуттуураак тартип бузуу үчүн тартип бузууну формализациялоо жана каттоомаксатында жарыяланат. Экинчи сөгүш тартип бузуу улантылганы үчүн, же олуттуу актануусу жок катачылыктар кайталанган үчүн жарыяланат. Андан аркы тартип бузуулардын жана/же каталардын кесепеттери жумуштан бошотуу болушу мүмкүн.
Дисциплинардык жазалар ректор, бөлүмдөрдүн менеджерлери тарабынан берилет. Тартип жазаларын колдонуу жөнүндө буйрук чыккан күндөн баштап 3 жумуш күнүнүн ичинде кызматкерге тилкат менен берилет жана жарыяланат. Буйрукта төмөнкүлөр катталат:

2.7.2. Междугородние и международные личные звонки запрещены. Международные и междугородние телефонные звонки по производственной необходимости должны быть зарегистрированы административным ассистентом с указанием номера телефона, цели звонка и имени сотрудника, делающего звонок. Перечень лиц, имеющих право совершать международные звонки, устанавливаются ректором.
2.7.3. Сотрудник обязан использовать максимально дешевые тарифы при ведении международных и междугородних тарифов (пример, рекомендуется в утреннее (с 8:00 до 10:00) и вечернее время (с 16:00) для междугородних телефонных звонков, поскольку утренний и вечерний тариф за телефонные переговоры в 3 раза дешевле дневного).
2.7.4. Служебные сотовые телефоны должны использоваться только в служебных целях, не передаваться третьим лицам, без письменного разрешения ректора. Каждый сотрудник несет ответственность за надлежащее пользование сотовым аппаратом.

**2.8. Дисциплинарные взыскания**

За неисполнение или ненадлежащее исполнение сотрудником возложенных на него в соответствии с трудовым договором трудовых обязанностей, включая нарушение трудовой дисциплины, Университет вправе применять следующие дисциплинарные взыскания согласно Трудовому Кодексу КР:
4) Замечание,
5) Выговор,
6) Увольнение.

Замечания выносятся за незначительные нарушения трудовой дисциплины. Первый выговор объявляется за более серьезное нарушение для формализации и записи нарушения. Второй выговор объявляется за последующие нарушения или повторяющиеся ошибки без серьезного оправдания. Последующие нарушения и/или ошибки могут привести к увольнению.

Дисциплинарные взыскания выносятся ректором, Менеджерами отделов. Приказ о применении дисциплинарного взыскания выносится и объявляется сотруднику под расписку в течение 3-х рабочих дней со дня его издания. В приказе фиксируется:

1. Тартип жазасынын түрү.
2. Кызматкерге оңолуу үчүн берилген мөөнөт (Тартип жазасын берген жумуш берүүчү аны өздемилгеси менен, кызматкердин өтүнүчү боюнча, кызматкердин тике жетекчисинин өтүнүч каты боюнча 1 жыл ичиндеги мөөнөтүнөн мурда алып салууга укуктуу).
Тартип жазасын колдонууга чейин кызматкерден болуп өткөн тартип бузуунун себептеринин жазуу түрүндөгү түшүндүрмөсү талап кылынат. Мындай түшүндүрмөнү берүүдөн баш тартуу акт менен катталат жана жазаны колдонууга тоскоол боло албайт. Бардык тартип жазалары персоналды баалоодо эске алынышы жана өздүк делосуна түшүрүлүшү керек.
Бир эле сөгүштүн болушу эмгек акы менен сыйакыларды жогорулатуудан баш тартууну билдирет. Тартип жазасы колдонулган күндөн баштап 1 жыличинде күчүндө болот. Эгерде бул мөөнөт ичинде кызматкер жаңы тартип жазасына тартылбаса, анда анын тартип жазасы жоюлган болуп эсептелет.

1. Вид дисциплинарного взыскания.
2. Срок, данный сотруднику для исправления. (Работодатель, применяющий дисциплинарное взыскание, вправе снять его до истечения года по собственной инициативе, по просьбе сотрудника, по ходатайству непосредственного руководителя сотрудника).
До применения дисциплинарного взыскания от сотрудника требуется письменное объяснение причин, по которым произошло нарушение. Отказ предоставить такое объяснение оформляется актом и не может служить препятствием для применения взыскания. Все дисциплинарные взыскания должны учитываться при проведении оценки персонала и заноситься в личное дело.
Наличие хотя бы одного выговора означает отказ в повышении зарплаты и премиальных. Дисциплинарное взыскание действует в течение 1 года со дня его применения. Если в течение этого срока сотрудник не будет подвергнут новому дисциплинарному взысканию, то он считается не имеющим дисциплинарного взыскания.

### 2.9. Эмгек тартибин одоно бузуулар

Эмгек милдеттеринин одоно бузууларына төмөнкүлөр кирет:
- Жумушка келбей коюу (жумуш күнүнүн ичинде 3 сааттан узак убакыт бою жүйөлүү себепсиз жумуш ордунда жок болуу);
- Жумушта алкоголдук ичимдиктерди, баңгилик же уулуу заттарды колдонуу менен мас абалында болуу;
- Университеттин мүлкүн атайылап бузуу же уурдоо;
- Кызматтык, коммерциялык же дагы башка мыйзамдуу сырды таратуу;
- Оор кесепеттерге, травмаларга жана аварияларга алып келген же алып келүүчү эмгек коопсуздугунун эрежелерин бузуу;
- Алдамчылык, накталай акча менен иштөө эрежелерин бузуу, ички эсепкысапты атайылап бурмалап көрсөтүү.

Эмгек тартибин одоно бузуу кызматынан төмөндөтүүгө же жумуштан бошотууга алып келиши мүмкүн.

### 2.9 Грубые нарушения трудовой дисциплины

К грубым нарушениям трудовых обязанностей относятся:
- Прогул (отсутствие на рабочем месте более 3 часов подряд в течение рабочего дня без уважительных причин);
- Появление на работе в состоянии алкогольного, наркотического или токсического опьянения;
- Совершение умышленной порчи или хищения имущества университета;
- Разглашение служебной, коммерческой или иной охраняемой законом тайны;
- Нарушение сотрудником правил безопасности труда, которое повлекло, либо могло повлечь тяжкие последствия, включая травмы и аварии;
- Мошенничество, нарушение правил работы с наличными деньгами, умышленное искажение внутренней отчетности.

За грубое нарушение трудовой дисциплины может последовать понижение в должности или увольнение.

### 2.10. Жумушка келбегендик (прогулдар)

Жумушка келбегендик – бул кызматкердин 3 саат бою жүйөлүү себепсиз жумуш ордунда жок болуусу. Жумушка келбегендик эмгек милдеттерин бир жолку одоно бузуу катары жумуштан бошотууга негиз болушу мүмкүн. Жумушка келбегендик катары саналбай тургандар булар:

### 2.10. Прогулы

Прогул – это отсутствие сотрудника на работе в течение 3 часов без уважительных причин. Прогул, как грубое однократное нарушение трудовых обязанностей, может являться основанием к увольнению.
Отсутствие на работе, которое не считается прогулом, это:

- кокустан болгон кырсыкка же оорусуна байланыштуу ооруканага жатуусу далилденген учур;
- майыптыкка алып келген катуу оорусу же травма үчүн кызматкерге медициналык көрсөтмөлөрү боюнча берилген өргүү же уруксат берилген жеке өргүү;
- Үй-бүлөнүн мүчөлүрүнүн биринин өлүмү.

Жумуштан эрте кетүү да жумуш ритмин бузат жана эскертүү менен жазаланат. Жумушка келүүдөгү, түшкү тыныгуудан кайтуудагы тактык тынч жана натыйжалуу жумуш процесси үчүн абдан маанилүү. Менеджмент ар бир конкреттүү учурда тиешелүү тартип жазаларын,эскертүүдөн баштап келишимди токтотууга чейин, колдонуу укугун өзүнө алат.

### 3. Кызматкерди жумушка алуу жол-жобосу

#### 3.1. Жумушка алуудагы бирдей шарттар

Университет талапкерлерди расасы, терисинин түсү, дини, улуту, жашы, физикалык абалы, үй-бүлөлүк абалы жана кесиптик сапаттары менен байланышпаган башка себептеринин негизинде дискриминация кылбастан, бир топ квалификациялуу кызматкерлерди жумушка алат. Университет профессордук-окутуучулуккурамдын кызмат орундарына «Профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлеп туруу тартиби жөнүндө» (1-Тиркеме) Университеттин матрицасынажана «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарын ээлеп туруу тартиби жөнүндө» Жобого (КРдин Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому мененбекитилген) ылайык жумушка алат. Мектеп (гимназия жана лицей) мугалимдерин, орто кесиптик билим берүү уюмдарынын (колледждердин) окутуучуларын жана башка кызматкерлерди жумушка алуу Ички эмгек тартип эрежелеринин 4.3-пунктуна ылайык, ал эми кенже тейлөөчү персоналдын кызматкерлерин жумушка алуу жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

#### 3.2. Жубайларды жана тууганадарды жумушка алуу саясаты

Университет иштеп жаткан кызматкерлердин жубайларын жана/же тууган-дарын мезгил-мезгили менен жумушка алганына карабастан, буга артыкчылык берилбейт. Университетте иштеген кызматкерлердин жубайларын/тууганадарын жумушка алуу ректордун бекитүүсү менен гана жүргүзүлүшү керек. Талапкерлер Университетте иштеген кызматкер менен туугандыгы тууралуу маалымдоого тийиш. Мындай маалыматты жашыруусу жумуштан бошотууга негиз болушу мүмкүн.

- Подтвержденная госпитализация, вызванная каким-либо несчастным случаем или болезнью;
- Серьезное заболевание или травма, за которую сотруднику дают инвалидность, отпуск по медицинским показаниям или разрешенный личный отпуск;
- Смерть кого-либо из членов семьи.

Ранний уход с работы также нарушает рабочий ритм и наказывается замечанием. Пунктуальность прихода на работу, возвращения с обеденного перерыва, имеет большое значение для спокойного и эффективного рабочего процесса. Менеджмент сохраняет за собой право применять соответствующие дисциплинарные взыскания в каждом конкретном случае, от замечания до прекращения договора.

### 3. Процедура найма сотрудника

#### 3.1 Равные условия при приеме на работу

Университет нанимает наиболее квалифицированных сотрудников, не дискриминируя кандидатов на основе расы, цвета кожи, религии, национальности, возраста, физического состояния, семейного положения и других причин, не связанных с профессиональными качествами кандидата. Университет на должности профессорско-преподавательского состава принимает в соответствии с матрицей университета «О порядке замещения должностей профессорско-преподавательского состава» (Приложение 1) и Положение «О порядке замещения должностей профессорско-преподавательского состава высших учебных заведений Кыргызской Республики» (утверждено Постановлением Правительства КР от 29 мая 2012 года №346). Наем учителей школ (гимназии и лицеи), преподователей оганизаций среднего профессионального образования (колледжи) и других сотрудников осуществляется согласно пункту 3.3 Правила внутреннего трудового распорядка, а сотрудников младшего обслуживающего персонала в упрощенном порядке.

#### 3.2 Политика найма супругов и родственников

Несмотря на то, что университет может время от времени нанимать супругов и/или родственников работающих сотрудников, это не поощряется. Приём на работу родственников/супругов работающих сотрудников университета должен осуществляться только с утверждения ректора. Кандидатам необходимо информировать о родстве с сотрудником, работающим в университете. Сокрытие данной информации может являться основанием для увольнения.

### 3.3. Персоналды жумушка алуу тартиби

Университет кызматкерлерди конкурстук негизде жумушка алат. Кызматкерлерди жумушка алууда төмөнкү жол-жоболорду сактоо зарыл:

1. Жаңы кызматкерди жумушка алууда бөлүмдүн жетекчиси "Персоналды жумушка алууга суроо-талап" формасын толтурат, анда ал кызматтын аталышы, эмгек акылардын шкаласына жана штаттык жадыбалга ылайык эмгек акысы көрсөтүлөт, кызматтык нускамаларын тиркеп, ошондой эле квалификациялуу кызматкерди тандап алуу үчүн массалык-маалымат каражаттарына жарнама жайгаштырылышы керектиги көрсөтүлөт.

- Университеттин ички резервдик кандидаттарынын базасынан талапкерлерди издөө;
- Вакансия жөнүндө Университеттин ичинде кулактандыруу берүү;
- Массалык-маалымат каражаттарына жана кадр агенттиктерине кулактандыруу берүү.

2. Резюме чогултууга жооптуу адам бардык резюмелерди топтойт, каттоого алат жана эң ылайыктуу кандидаттарга тандоо өткөрүү үчүн бөлүмдүн жетекчисине жиберет.
3. Маектешүүдөн ийгиликтүү өткөн кандидатка жумушка чакыруу жана кызматтык нускама жиберилет.
4. ЖОЖду, аспирантураны жана докторантураны ошол окуу жылында аяктаган адамдар профессордук-окутуучулук курамдагы кызмат орунуна (мектептеги жана колледждеги кызматтардан тышкары) конкурсу жок эле кабыл алынат. Үч жыл өткөн соң бул кызматтар конкурстук негизде орду толукталат[1].
5. Штаттык профессордук-окутуучулук курамда (мектептеги жана колледждеги кызматтардан тышкары)мурда иштебей конкурска катыша ала турган адам эреже катары ЖОЖдо саатчы-окутуучу катары же штаттык айкалыштырып бир жыл иштеши керек.

Университетке жумушка алынган чет өлкөлүк жарандар жумушка уруксат алууда жана чет өлкөлүк жумуш күчүн тартууга жана колдонууга уруксат алууда Университетке көмөк көрсөтүшү керек. Персоналды башкарууга жооптуу кызматкер КРдин Миграция кызматынан көрсөтүлгөн уруксат кагаздарын алууга жооптуу болуп саналат.

Университетте иштеген мезгилде ЖОЖдордун кечки же сырттан окуу бөлүмдөрүндө, ар кандай курстарда окуган же окууну пландаштырган кандидаттар Университеттин менеджментине алдын ала кабарлашы керек.

### 3.3 Порядок найма персонала

Университет нанимает сотрудников на конкурсной основе. При найме сотрудников необходимо соблюдать следующие процедуры:

1. Для найма нового сотрудника руководитель подразделения заполняет форму "Запрос на найм персонала", где указывает наименование должности, заработную плату согласно шкале заработных плат и штатного расписания, прилагает должностные инструкции, а также необходимость размещения рекламы в СМИ для подбора квалифицированного сотрудника.

- Поиск кандидатуры из базы данных резервных кандидатов внутри Университета;
- Объявление о вакансии внутри Университета;
- Объявление в СМИ и кадровых агентствах.

2. Лицо, ответственное за сбор резюме, собирает и регистрирует все резюме, и направляет руководителю подразделения для проведения отбора наиболее подходящих кандидатур.
3. Кандидату, успешно прошедшему интервью, направляют приглашение на работу и должностную инструкцию.
4. Лица, окончившие вуз, аспирантуру и докторантуру в данном учебном году замещают должности профессорско-преподавательского состава (кроме должностей школ и колледжей) без участия в конкурсе. По истечении трех лет указанные должности замещаются на конкурсной основе.
5. Избранию по конкурсу лиц, ранее не работавших на штатных профессорско-преподавательских должностях (кроме должностей школ и колледжей), должна предшествовать их работа в течение года в вузе на условиях штатного совместительства или почасовой оплаты.

Иностранные граждане, принятые на работу в университет должны содействовать университету при получении Разрешения на работу и Разрешения на привлечение и использование иностранной рабочей силы. Ответственное лицо по управлению персоналом является лицом, ответственным за получение указанных разрешений в Миграционной службе КР.

Кандидаты, обучающиеся или планирующие обучение на вечернем и заочном отделении ВУЗов, различных курсах в период работы в университете должны заранее известить менеджмент университета.

[1]КРдин Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому Постановление Правительства КР от 29 мая 2012 года №346

### 3.4. Эмгек келишими

Жумушка кабыл алынган кызматкер эрежелер менен таанышат жана Университеттин эрежелери менен таанышуу жөнүндө арызга кол коёт. Кызматкер эмгек келишиминин 2 нускасына кол коёт. Бир нускасы - Университетте, экинчиси кызматкерде калат. Эмгек келишими КРдин эмгек мыйзамдарынын бардык талаптарын эске алуу менен түзүлөт жана анда жумушка алуу шарттары, анын ичинде кызматы, салыктарды жана Социалдык фондго чегерүүлөрдү эсепке алуу менен эмгек акысы, келишим башталган датасы жана жумуштун жайгашкан жери кошо баяндалат. Кызматкерлер менен Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине ылайык эмгек келишими түзүлөт.

Ректор профессордук-окутуучулук курамдагы бош орундарга конкурс өткөрбөстөн айрым категориядагы адамдар менен бир жылга эмгек келишимин түзүүгө укуктуу. Бир окуу жылына эмгек келишимин түзө турган адистерге төмөндөгүлөр кирет[2]:

- окутуучулук ишмердүүлүгүн негизги иш менен айкалыштырууну каалаган өндүрүштө тикелей эмгектенген адистер-практиктер;
- саат төлөмү менен иштеп жаткан окутуучулар;
- пенсия жашындагы окутуучулар;
- 3 жашка чейинки бала багуу өргүүсүнөн кийин окутуучулар.

### 3.5. Кызмат көрсөтүү келишими

Университет анын кызматкери болуп саналбаган кызматкерлерди (стажерлор, консультанттар, кызмат көрсөтүүчү убактылуу кызматкерлер) жумушка алат жана буга ылайык алар кызматкерлер укуктуу болгон артыкчылардын баарын пайдалана алышпайт. Мындай кызматкерлерди жумушка өзгөчө жагдайларда кыска мөөнөткө кызмат көрсөтүү келишими сыяктуу атайын келишимдердин негизинде кабыл алат.

### 3.4. Трудовой договор

Сотрудник, принятый на работу знакомится с Правилами и подписывает Заявление об ознакомлении с Правилами Университета. Сотрудник подписывает 2 экземпляра трудового договора. Один экземпляр остается в Университете, второй – у сотрудника. Трудовой договор составляется с учётом всех требований трудового законодательства КР и описывает условия найма, включая должность, зарплату с учетом налогов и отчислений в Социальный Фонд, дату начала договора и местонахождение работы. С сотрудниками заключается трудовой договор в соответствии с Трудовым Кодексом Кыргызской Республики.

Ректор имеет право заключать трудовой договор сроком на один учебный год без проведения конкурса с отдельными категориями лиц на вакантные должности профессорско-преподавательского состава. К категориям лиц, с которыми заключается трудовой договор на один учебный год, относятся[3]:

- специалисты-практики, работающие непосредственно на производстве, желающие совместить преподавательскую деятельность с основной работой;
- преподаватели, работающие в условиях почасовой оплаты;
- преподаватели пенсионного возраста;
- преподаватели после отпуска по уходу за детьми до 3 лет.

### 3.5. Договор на оказание услуг

Университет нанимает также сотрудников (стажеры, консультанты, временные работники, оказывающие услуги), которые не являются сотрудниками и, следовательно, не могут пользоваться всеми преимуществами, правомочными для сотрудников. Таких сотрудников принимают на работу в особых обстоятельствах на короткий период времени на основе специальных договоров, таких, как Договор на оказание услуг.

[2]КРдин Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому

[3]Постановление Правительства КР от 29 мая 2012 года №346

**3.6. Сыноо мөөнөтү**

Алдын ала сыноо учуруна кызматкердин убактылуу эмгекке жарамсыздык учурлары жана кызматкер жүйөлүү себептер менен жумушта жок болгон башка учурлар кошулбайт. Сыноо мөөнөтүнүн ичинде Университет келишимди токтотууга чейин 3 күн мурда жазуу түрүндө алдын ала эскертип, эмгек келишимин токтушу мүмкүн. Бул учурда сыйакынын төлөмү катыштык негизде жүргүзүлөт.

Кызматкер сыноо мөөнөтүнүн ичинде өргүү күндөрүн жыйнай алат, бирок өргүүкүндөрүн колдоно албайт. Кызматкер тике жетекчиси менен макулдашып гана акы төлөнбөөчү өргүү ала алат. Бул учурда сыноо мөөнөтү кызматкер иштебеген күндөрдүн санына узартылат.

**3.7. Кызматкердин өздүкделосу**

Өздүк дело ар бир кызматкерге ачылат жана анын жумушуна байланыштуу маалыматтарды камтыйт. Кызматкерлердин өздүк делолору жашыруун маалымат болуп саналат жана кызматкердин уруксатысыз үчүнчү жактарга берилбейт. Кызматкерлердин өздүк делолору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык электрондук түрдө түзүлүшү мүмкүн.

Кызматкердин өздүк делосу төмөнкү документтерден турат:
- паспорттун же өздүгүн күбөлөндүрүүчү башка документтин көчүрмөсү;
- социалдык коргоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү (зарыл учурда);
- резюме;
- жогорку же орто билим жөнүндө дипломдун көчүрмөсү, окуган курстары тууралуу транскрипт жана сертификаттары;
- сунуштама каттар;
- 3х4 өлчөмүндөгү 2 түстүү сүрөт (бирөө өздүк делосу үчүн, бирөөсү кызматкердин идентификациялык күбөлүгү үчүн);
- кол коюлган кызматтык нускамасы;
- өздүк карточкасы;
- материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим;
- жашыруун маалыматты ачыкка чыгарбоо жөнүндө милдеттенме;
- сыноо мөөнөтүнүн сереби;
- сыйлыктар жана тартип жазалары, жумушка кабыл алуу, которуу жана бошотуу жөнүндө буйруктардын көчүрмөлөрү;
- университеттин кызматкери менен туугандыгы тууралуу арыз;

**3.6. Испытательный срок**

В период предварительного испытания не включаются периоды временной нетрудоспособности сотрудника и иное время, когда сотрудник отсутствовал на работе по уважительным причинам. В течение испытательного срока университет может прекратить трудовой договор, предупредив письменно за 3 дня до его прекращения. В этом случае оплата вознаграждения производится на пропорциональной основе.

Сотрудник может накапливать дни отпуска, но не может в течение испытательного срока использовать отпускные дни. Сотрудник может взять только неоплачиваемый отпуск по согласованию с непосредственным руководителем. В этом случае испытательный срок продлевается на то количество дней, которые сотрудник не работал.

**3.7. Личное дело сотрудника**

Личное дело заводится на каждого сотрудника и содержит информацию, касающуюся его работы. Личные дела сотрудников являются конфиденциальной информацией и без согласия сотрудников не передаются третьей стороне. Личные дела сотрудников могут создаваться в электронном виде в соответствии законодательства Кыргызской Республики.

Личное дело сотрудника состоит из следующих документов:
- Копия паспорта или другого документа, удостоверяющего личность;
- Копия удостоверения социальной защиты (при необходимости);
- Резюме;
- Копия диплома о высшеили среднем образовании, транскрипт и сертификаты о пройденных курсах;
- Рекомендательные письма;
- 2 цветные фотографии 3х4 (одну для личного дела, одну для идентификационного удостоверения сотрудника);
- Подписанная должностная инструкция;
- Личная карточка;
- Договор о материальной ответственности;
- Обязательство о неразглашении конфиденциальной информации;
- Обзор испытательного срока;
- Копии приказов о приеме, перемещении и увольнении на работу, поощрениях и дисциплинарных взысканиях;
- Заявление о родстве с сотрудником Университета.

**4. Кызматка көтөрүлүү**

4.1. Мүмкүнчүлүк жаралганда жана ылайыктуу учур келгенде, Университеттин ичинде бош жумушчу орун пайда болгондо университет өз кызматкерлеринин кызматы боюнча көтөрүлүшүнө өбөлгө түзөт.

Башка кызматка арыз берүүнү каалаган кызматкер арыз бергенге чейин бул тууралуу өзүнүн жетекчисине маалымдоого тийиш. Которулуунун расмий датасы кызматкер мененанын учурдагы жана келечектеги жетекчилери менен макулдашылышы зарыл.

4.2. Кесиптик чеберчиликтин жана квалификациянын өсүшүнө түрткү берүү, кызматкердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу, иштиктүү сапаттарын аныктоо, уюмдун ишин өркүндөтүү жана кызматкерди кызмат боюнча көтөрүү максаттарында, ошондой эле анын ээлеген кызмат орунуна ылайык иш берүүчү кызматкерлерди аттестациялоого укуктуу.

Аттестацияга кирген типтүү жобо жана кызмат орундарынын тизмеги эмгек чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

**4. Продвижение по службе**

4.1. Когда появляется возможность и наступает подходящее время, университет способствует продвижению своих сотрудников по службе при появлении вакансии внутри университета.

Сотрудник, желающий подать заявление на другую должность, должен известить своего руководителя до подачи заявления. Официальная дата перевода должна быть согласована с сотрудником, действующим и будущим руководителями.

4.2. В целях стимулирования роста профессионального мастерства и квалификации, повышения творческой активности, определения деловых качеств работника, совершенствования деятельности организации и продвижения работника по службе, а также соответствия его занимаемой должности работодатель вправе проводить аттестацию работников.

Типовое положение и перечень должностей, которые могут подлежать аттестации, определяются государственным органом в сфере труда.

**5. Эмгек келишимин токтотуу**

**5.1. Кызматкердин демилгеси боюнча эмгек келишимин токтотуу**

5.1.1. Кызматкер Университетке 2 жума мурун (14 календарлык күн) алдын ала эскертүү менен эмгек келишимин токтотууга укуктуу.

5.1.2. Кызматкер сыноо мөөнөтү учурунда Университетке жазуу түрүндө 3 күн мурун алдын ала эскертүү менен эмгек келишимин токтотууга укуктуу.

**5.2. Университеттин демилгеси боюнча эмгек келишимин токтотуу**

5.2.1. Университет сыноо мөөнөтүнүн канааттандырбаган натыйжасында КРдин Эмгек Кодексине ылайык эмгек келишимин бир тараптуу тартипте токтотушу мүмкүн, бул жөнүндө кызматкергеалдын ала үч календарлык күндөн кеч эмес убакта жазуу түрүндө эскертилиши керек. Эмгек келишимин сыноо мөөнөтүнүн ичинде токтотуу жөнүндө билдирүүгө кызматкер кол коюшу керек.

5.2.2. Университет жоюлганда, анын кызматкерлеринин санын же штатын кыскартууда (**окуу жүктөм кыскартылган**), анын ичинде кайра уюштурууга байланыштуу учурларда эмгек келишими токтотулушу мүмкүн. Университет кыскартуу тууралуу кызматкерге бир айдан кем эмес убакытта алдын ала эскертүүгө милдеттүү.

5.2.3. Кызматкер ден соолугу боюнча медициналык бүтүмгө ылайык ээлеген кызматына же аткарган ишине туура келбеген учурда эмгек келишими Университет тарабынан жараксыз кылынышы мүмкүн.

**5. Прекращение трудового договора**

**5.1 Прекращение трудового договора по инициативе сотрудника**

5.1.1. Сотрудник имеет право расторгнуть трудовой договор, предупредив Университет за 2 недели (14 календарных дней).

5.1.2. Сотрудник имеет право расторгнуть трудовой договор в период испытательного срока, предупредив университет в письменной форме за 3 дня.

**5.2 Прекращение трудового договора по инициативе Университета**

5.2.1 Трудовой договор может быть расторгнут университетом в одностороннем порядке в соответствии с Трудовым Кодексом КР при неудовлетворительном результате испытательного срока, о чем сотрудник должен быть письменно предупрежден не позднее, чем за три календарных дня. Уведомление о расторжении трудового договора в течение испытательного срока должно быть подписано сотрудником.

5.2.2 Трудовой договор может быть расторгнут в случае ликвидации университета, сокращения численности или штата её сотрудников (сокращение учебной нагрузки), в том числе в связи с реорганизацией. Университет обязан предупредить сотрудника о сокращении не менее чем за один месяц.

5.2.3. Трудовой договор может быть расторгнут университетом в случае несоответствия сотрудника занимаемой должности или выполняемой работе по состоянию здоровья в соответствии с медицинским заключением.

5.2.4. Эмгек келишими Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган дагы башка учурларда да Университет тарабынан күчү жокко чыгарылышы мүмкүн.

**5.3. Кызматкерди жумуштан бошотуунун жол-жобосу**

5.3.1. Бардык жумуштан бошотуулучу кызматкерлер жумуштан бошотуунун алдында маектешүүдөн өтүшү керек. Мындай маектешүүнүн максаты - кызматкердин тажрыйбасы тууралуу маалымат чогултуу, бул келечекте мекеменин кызматкерлер менен ишти жакшыртуусуна жардам берет.

5.3.2. Жумуштан бошотуулучу кызматкер эсептешүүлөр жөнүндө билдирүү формасын толтурушу жана төмөнкүлөрдү көрсөтүү менен визалашы керек:

1) Университеттеги акыркы жумуш күнүн көрсөтүү;
2) Алынган авансдарды жабуу;
3) Кызматкерге берилген бардык ачкычтарды, бейдж/күбөлүктү кайтаруу;
4) Кызматкерге колдонууга берилген бардык кеңсе буюмдарын жана жабдууларды кайтаруу;
5) Кызматкердин карамагында болгон бардык документтерди, окуучулар тууралуу маалыматты, окуу жана илим процесстердн материалдарын кайтаруу.

5.3.3. Жогоруда көрсөтүлгөн жол-жоболорду аткаргандан кийин жумуштан бошотуу беренесине ылайык кызматкерди жумуштан бошотуу тууралуу эмгек китепчесине жазылышы мүмкүн.

## 6. Сыйакы

**6.1. Эмгек акыны төлөө**

6.1.1. Университеттин бөлүмдөрүнүн жоопту кызматкери жумуш убактысын каттоо табелин ай сайын толтурууга жана аны бухгалтерияга тапшырууга милдеттүү. Жумуш убактысын каттоо табели кызматкердин, жетекчинин колу менен күбөлөндүрүлүшү зарыл.

6.1.2. Жетекчинин талабы боюнча эс алуу күндөрү иштөөдө компенсация төлөнбөйт, бирок жетекчинин алдын ала макулдугу менен акы төлөнүүчү өргүү күнүнө уруксат берилет.

6.1.3. Жумуш убактысын каттоо табелинин формасы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети бекитет.

**6.2. Киреше салыгын жана социалдык фондго чегерүүлөрдү кармоо**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык университет киреше салыгын кармап калат жана кызматкердин атынан социалдык фондго чегерет.

5.2.4. Трудовой договор может быть расторгнут университетом и в других случаях, предусмотренных трудовым законодательством Кыргызской Республики.

**5.3 Процедура увольнения сотрудника**

5.3.1. Все увольняющиеся сотрудники должны пройти интервью перед увольнением. Цель такого интервью собрать информацию об опыте сотрудника, что поможет в будущем организации улучшить работу с сотрудниками.

5.3.2. Увольняющийся сотрудник должен заполнить форму уведомления о расчете и завизировать с указанием следующего:

1) Указать последний рабочий день в организации;
2) Закрыть полученные авансы;
3) Возвратить все ключи, бейджи/удостоверения, выданные сотруднику;
4) Возвратить все офисные принадлежности и оборудование, выданные в пользование сотруднику;
5) Возвратить все документы, материалы учебного и научного процессов, информацию по обучающимся, документы, находившиеся в распоряжении сотрудника;

5.3.3. После выполнения вышеуказанных процедур может быть внесена запись в трудовую книжку об увольнении сотрудника в соответствии со статьёй увольнения.

## 6. Вознаграждение

**6.1 Выплата заработной платы**

6.1.1. Уполномоченный сотрудник подразделения университета, обязан ежемесячно заполнять табель учета рабочего времении сдавать его в бухгалтерию. Табель учета рабочего времени должен быть заверен подписью сотрудника, руководителя.

6.1.2. При работе в выходные дни по требованию руководителя компенсация не выплачивается, но разрешается оплачиваемый отгул с предварительного одобрения руководителя.

6.1.3. Форма Табеля учета рабочего времени утверждается Национальным статистическим комитетом Кыргызской Республики.

**6.2 Удержание подоходного налога и отчислений в социальный фонд**

В соответствии с законодательством Кыргызской Республики университет удерживает подоходный налог и делает отчисления в Социальный Фонд от имени сотрудника.

**6.3. Маянаны жогорулатуу**

Маянаны жогорулатуу кызматкердин ишмердүүлүгүнө тике жетекчиси өткөрүүчү баалоонун негизинде жүргүзүлөт. Маянаны жогорулатуу автоматтык операция болуп саналбайт.

**6.4. Эмгек өргүү**

Кызматкер толук жумуш жылы үчүн узактыгы 28 календардык күндүк өргүүгө укуктуу. Кызматкер бийик тоолуу/алыскы жайлар жана башка учурларды эске алуу менен кошумча өргүүгө укуктуу болгон учурда, анда бул кошумча өргүүлөр Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамдарына ылайык өргүү графигине жазылат. Ар бир бөлүм өргүү графигин түзөт, ал ректор тарабынан бекитилет.

Профессордук-окутуучулук курамдагы кызматкерлерге ар жылдык узартылган өргүү окуу жылы аяктагандан кийин берилет, анын узактыгы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Жылдык эмгек өргүү университеттин өргүүлөр графигине ылайык жазуу түрүндө суралышы керек. Өргүү буйрук менен катталат.

Университет менен кызматкердин ортосундагы макулдашуу боюнча акы төлөнүүчү жылдык өргүү бир учурунун узактыгы 14 ырааттуу календарлык күндөн кем эмес мезгилдерге бөлүнүшү мүмкүн.

Кызматкерлер эмгек өргүүсүнүн бардык күндөрүн жумуш жылынын ичинде колдонгону оң. Өргүү учуруна дал келүүчү жумуш күнү деп эсептелбеген майрам күндөр өргүүнүн календарлык күндөрүнүн санына кирбейт жана акы төлөнбөйт. Кызматкерди өргүүдөн чакыруу анын макулдугу менен гана болот.

Өргүү күндөрүн топтоо университетте иштей баштаган биринчи күндөн башталат, бирок өргүү сыноо мөөнөтү мезгилинде колдонулбайт. Топтолгон өргүүлөрдү эсептөө үчүн кадрлар бөлүмү/бөлүмдүн жооптуу кызматкери ай сайын бөлүмдүн кызматкерлеринин жумуш убактыларын каттоо табелин толтурат, анда өргүүлөрдүн, сыркоологон күндөрдүн жана акы төлөнбөөчү өргүү күндөрүнүн эсеби жүргүзүлөт.

Боюнда бар аялдар бул учурга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпул алуу менен акы төлөнүүчү өргүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган өлчөмдөгү баланы багуу боюнча өргүүгө укуктуу.

**6.3 Повышение оклада**

Повышение оклада производится на основе оценки деятельности сотрудника, которая проводится непосредственным руководителем. Повышение окладов не является автоматической операцией.

**6.4 Трудовой отпуск**

Сотрудник имеет право на отпуск продолжительностью 28 календарных дней за полный рабочий год. В случае если сотрудник имеет право на дополнительный отпуск с учетом высокогорья/отдаленности и в других случаях, данные дополнительные отпуска вносятся в график отпусков в соответствии с Трудовым законодательством Кыргызской Республики. Каждое подразделение составляют график отпусков, который утверждается ректором.

Сотрудникам профессорско-преподавательского состава ежегодный удлиненный отпуск предоставляется после окончания учебного года, его удлиненность определяется Правительством Кыргызской Республики.

Ежегодный трудовой отпуск должен быть запрошен в письменной форме, в соответствии с графиком отпусков университета. Отпуск оформляется приказом.

По соглашению между сотрудником и университетом ежегодный оплачиваемый отпуск может быть разделен на периоды, продолжительность хотя бы одного из периодов должна быть не менее 14 последовательных календарный дней.

Сотрудникам желательно использовать все дни отпуска в течение рабочего года. Праздничные нерабочие дни, приходящиеся на период отпуска, в число календарных дней отпуска не включаются и не оплачиваются. Отзыв сотрудника из отпуска допускается только с его согласия.

Накопление отпускных дней начинается с первого дня работы в университете, но отпуск не может быть использован в период испытательного срока. Для учета накопленных отпусков Отдел кадров/ответственный сотрудник отдела ежемесячно заполняет табель учета рабочего времени сотрудников отдела, где ведется расчет отпускных, больничных дней и неоплачиваемых отгулов.

Беременные женщины имеют право на оплачиваемый отпуск с выплатой за этот период пособия по государственному социальному страхованию и на отпуск по уходу за ребенком в размере, установленным законодательством Кыргызской Республики.

**6.5. Оорусуна байланыштуу калтырылган күндөр**

6.5.1. Эгерде кызматкер ооруп калса, ал тике жетекчисине саат 8:00гө чейин маалымдашы керек. Оорудан кийин жумушка чыкканда кызматкер сыркоолук барагын көрсөтүп, аны персоналдарды башкарууга жооптуу кызматкерге же эсепчиге тапшырышы керек. Университет кызматкердин медициналык малым каты, сыркоолук барагы болгон учурда сыркоологон күндөргө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган өлчөмдө акы төлөп берет.

**6.6. Эмгек акысы сакталбаган өргүү**

Кызматкер күтүлбөгөн кырдаалда зарыл болуп калган учурда тике жетекчисинин жазуу түрүндөгү уруксаты менен акы төлөнбөөчү өргүү ала алат.

**6.7. Сыйлык төлөө**

Сыйлык берүү тууралуу чечим ректор тарабынан чыгарылат жана көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан жактырылат.

**6.8. Иш сапар чыгымдары**

6.8.1. Кызматкер жетекчинин буйругу менен кызматтык иш сапарларга бара алат. Университет төмөнкүлөрдү төлөп берет:

- Жол акысы боюнча чыгымдарды
- Турак жай жалдоо боюнча чыгымдарды
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин ченемдерине ылайык жана университетте аныкталган өлчөмдөгү күнүмдүк чыгымдарды.

6.8.2. Республиканын чегинен тышкаркы иш сапардын ченемдери КРдин Өкмөтүнүн токтому менен жөнгө салынат.

6.8.3. Кызматкердин республиканын чегиндеги иш сапарында тамактануусу коопсуздук талаптарына ылайык келиши керек. Бардык иш сапар чыгымдары даталары жана суммалары көрсөтүлгөн дүмүрчөктөр аркылуу тастыкталууга тийиш. Дүмүрчөктөр кандайдыр бир себептерге байланыштуу жеткиликтүү болбосо, күнүмдүк чыгымдар 50% өлчөмүндө төлөнөт.

6.8.4. Кызматкер иш сапары бүткөндөн кийин бардык дүмүрчөктөрдү кошо тиркөө менен иш сапар чыгымдары тууралуу эсеп-кысап бериши керек.

**6. 5. Дни, пропущенные по болезни**

7.5.1. Если сотрудник заболел, он должен известить непосредственного руководителя до 08:00 часов утра. После выхода на работу после болезни сотрудник должен предоставить больничный лист и сдать его бухгалтеру или ответственному лицу по управлению персоналом. Университет оплачивает больничные дни в размере, установленном законодательством Кыргызской Республики, при условии предоставления медицинской справки, больничного листа.

**6.6. Отпуска без сохранения заработной платы**

Сотрудник может взять неоплачиваемый отпуск с письменного разрешения непосредственного руководителя, если он необходим по непредвиденным обстоятельствам.

**6.7. Премиальные выплаты**

Решение о выдаче премиальных принимается ректором и одобряется попечительским советом.

**6.8. Командировочные расходы**

7.8.1. Сотрудник по распоряжению руководителя может направляться в служебные командировки. Университет оплачивает:

- Расходы по проезду
- Расходы по найму жилого помещения
- Суточные в соответствии с размерами, установленными в Университете и в соответствии с нормами трудового Кодекса Кыргызской Республики.

7.8.2. Нормы командировочных за пределами республики регулируются Постановлением Правительства КР.

7.8.3. Питание сотрудника в командировках в пределах республики должно соответствовать требованиям безопасности. Все командировочные расходы должны быть подтверждены квитанциями с указанием дат и сумм. Если квитанции по каким-либо причинам не доступны, суточные возмещаются в размере 50%.

7.8.4. По окончании командировки сотрудник должен представить Отчет о Командировочных Расходах и приложить все квитанции.

## 7. Кызматкердин милдеттери

7.1. Кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

• кызматтык нускамасына жана башка ички ченемдик документтерге ылайык анын компетенциясына кирүүчү эмгек милдеттерин аткаруу;

• эмгек келишими күчүнө киргенге чейин паспортун же өздүгүн күбөлөндүргөн башка документти, эмгек китепчесин, социалдык коргоо күбөлүгүн (зарыл болгон учурда), билими (адистиги, квалификациясы) жөнүндө документти көрсөтүү. Биринчи жолу жумушка алынып жаткан кызматкерге эмгек китепчеси жана социалдык коргоо күбөлүгү университет тарабынан жазылат;

• эмгек милдеттерин ак ниеттүүлүк менен өз убагында, жогорку кесиптик деңгээлде университеттин ички эмгек тартибин сактоо менен аткаруу;

• бардык жумуш убагын өндүрүмдүү эмгекке жумшоо, башка кызматкерлердин эмгек милдеттерин аткаруусуна тоскоол болуучу иш-аракеттерден оолак болуу;

• кызматкердин эмгек милдеттерин аткаруусу боюнча ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу университеттин ички ченемдик документтери менен таанышуу;

• ээлеген кызмат абалын жеке кызыкчылыктарга колдонбоо;

• университетке байланыштуу кызыкчылыктардын кагылышына алып келиши мүмкүн болгон ишмердүүлүккө катышпоо;

